УДК: 811.111:811.512.154 (043.3)

*Атикол Бурхан Умур, аспирант, И. Арабаев ат. КМУ*

# ТИЛ, МАДАНИЯТ ЖАНА СИМВОЛДУН ӨЗ АРА КАРЫМ-КАТЫШЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Тил менен маданияттын карым-катышын изилдөө акыркы жүз жылдыктагы лингвистикалык изилдөөлөрдөгү негизги багыттардын бири болуп калды. Жалпыга маалым болгондой, дүйнөнү символикалык кабылдоонун калыптанышында тил эң негизги ролду аткарат. Муну тил, маданият жана символдун тыгыз карым-катышынан көрүүгө болот.*

*Символикалык белгини маданият менен тилдин компоненти катары изилдөөдө менталитеттин өзөчөлүгүн, элдин дүйнөтаанымын, ошондой эле мифология жана фольклордогу символикалык белгинин ролун эске алуу зарыл. Символдор универсалдуу мүнөзгө ээ, аны түрдүү маданияттагы сандык символикадан байкоого болот. Ошону менен бирге символикалык белгилер этномаданий өзгөчөлүктөргө ээ, мындай спецификалык бөтөнчөлүктөр лингвомаданиятта чагылдырылган.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *тил, маданият, символ, сандык символика, семиотика, сандык белги, образ, мифология, лингвомаданияттаануу.*

*Атикол Бурхан Умур, аспирант, КГУ им. И. Арабаева*

# НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ СООТНОШЕНИЯ ЯЗЫКА, КУЛЬТУРЫ И СИМВОЛА

*Вопрос о взаимовлиянии языка и культуры является одним из основных направлений лингвистических исследований в течение последних столетий. Как известно, в формировании символического представления мира важную роль играет язык. Его можно проследить в тесной взаимосвязи языка, культуры и символа.*

*При исследовании символического знака как компонента культуры и языка необходимо принять во внимание особенности менталитета, мировоззрения народа, при этом нельзя оставить без внимания роль символического знака в мифологии, фольклоре. Символы обладают универсальным характером, можно обнаружить сходства в области числовой символики в различных культурных традициях. Вместе с тем, нетрудно заметить, что символы обладают этнокультурной спецификой, которая находит отражение в лингвокультуре.*

***Ключевые слова***: *язык, культура, символ, числовая символика, семиотика, числовой знак, образ, мифология, лингвокультурология.*

*Atikol-Burhan Umur, postgraduate, I. Arabaev Kygyz State University*

# SOME PROBLEMS OF THE RELATIONSHIP OF LANGUAGE, CULTURE AND SYMBOL

*The question of the mutual influence of language and culture has been one of the main directions of linguistic research over the past centuries. As you know, language plays an important role in the formation of a symbolic representation of the world. It can be traced in the close relationship between language, culture and symbol.*

*When studying number as a component of culture and language, it is necessary to take into account the peculiarities of the mentality and worldview of the people, while the role of numbers in mythology and folklore cannot be ignored. Symbols generally have a universal character, you can find similarities in the field of numerical symbolism in various cultural traditions. At the same time, it is easy to see that symbols have ethnocultural specificity, which is reflected in linguistic culture.*

***Key words**: language, culture, symbol, numerical symbolism, semiotics, numerical sign, image, mythology, cultural linguistics.*

Тил илиминин жана гуманитардык ойдун өнүгүүсүнүн учурдагы баскычында тилди структуралык жактан гана эмес, тигил же бул эл жөнүндөгү маданий маалыматты алып жүрүүчү код катары изилдөөгө өзгөчө маани бериле баштады. Тил менен маданияттын өз ара карым-катышы, бири-бирине тийгизген таасири жөнүндөгү маселе бир катар окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн борборун түзүп келди. Айталы, тил илиминдеги младограмматизм мектебинин өкүлү Г. Пауль өз изилдөөсүндө «тил – адамзат маданиятынын жемиши» деген ойду өнүктүргөн [8: 25]. «Лингвистикалык шарттуулук» теориясынын негиздөөчүлөрүнүн бири Э. Сепир 1929-жылы «дүйнө таанудагы билимибизди тереңдетүү үчүн тил илими тилди формалдык жактан изилдөө чегинен чыгуу керек» деген тезисин айткан эле. Э. Сепир тил менен маданияттын тыгыз байланышын жана бири экинчисиз жашашы мүмкүн эместигинин төмөнкүчө көрсөтөт: «Маданиятты илимий жактан изилдөөдө тилди жетекчиликке алуу улам барган сайын чоң мааниге ээ болот» [10, 1936:45].

С. Г. Тер-Минасова тил менен маданияттын ортосундагы карым-катышты изилдеп жатып, тил маданиятты гана чагылдырбастан, аны сактап, аны бир муундан экинчи муунга өткөрүп берерин белгилейт. Окумуштуунун айтымында, адам өз эне тили үчүн «тил ээси» гана эмес, анын «туткуну», тил адам баласына өзүнө чейинки муундар жараткан дүйнөнүн сүрөтүн жана маданиятты таңуулайт [11: 13-14]. Тил адамдын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнө үстөмдүк кыларын өз учурунда А. Г. Спиркин да белгилеп кеткен. Анын ою боюнча, тил аң-сезимге жана ой жүгүртүүгө таасир этет, демек, кайсы бир деңгээлде адамды кантип жана эмне жөнүндө ойлонууга мажбурлайт, аны тил бирдиктери аркылуу ишке ашырат [12: 375].

Тил А. Г. Козинцевдин түшүнүгүндө, маданият үчүн керектүү шарттардын бири болбосо да, эң зарыл нерсе. Тил автоматтык түрдө маданиятты жаратат. Маданият – бул бир муундан экинчи муунга берилген символикалык коддолгон маалыматтын жыйындысы болуп саналат [4: 45-46].

Тил менен маданияттын өз ара карым-катышы жана өз ара аракеттешүүсү жөнүндөгү жогоруда айтылган көз караштарды эки топко топтоштурууга болот:

1. Тил жана маданият бири-бири менен тыгыз байланышта, тил маданияттын ажырагыс бөлүгү катары анын тибин аныктайт;

2. Тил жана маданият бири-биринен көз карандысыз жана бирин экинчиси шарттабайт, ошондуктан, тил улуттун маданиятынын тибин аныктабайт.

В. М. Лейчик тил менен маданияттын ортосундагы карым-катышты изилдеген эмгектерди илимий талдоонун жыйынтыгында эки түшүнүктүн ажырагыс байланышын белгилеп, тил менен маданиятка жалпы, орток функцияларды көрсөтөт: 1. Таанып-билүү функциясы; 2. Маалымат жеткирүүчүлүк функциясы; 3. Семиотикалык функция; 4. Коммуникативдик функция; 5. Аксиологиялык функция; 6. Жөнгө салуучу функция; 7. Экспрессивдик-эмоционалдык функция; 8. Демаркация (чекти аныктоо) жана интеграция функциясы.

Тил, маданият жана фольклордун семиотикалык табияты көптөгөн изилдөөчүлөрдүн назарын буруп келет. Айталы, А. Г. Спиркиндин ою боюнча, “адамдын жан дүйнөсүнүн сырлары ушунчалык терең болгондуктан, аны тил менен эле жеткирүү, түшүндүрүү мүмкүн эмес. Бул жерде ага поэзия, музыка жана символикалык каражаттардын арсеналы керек” [Спиркин, 2006: 376]. Символикалык каражаттарга **сандык белгилерди** киргизүүгө болот. Дүйнө элдеринин маданиятындагы сандардын

маанилүү кызматы дүйнөнүн түзүлүшүндө борбордук орунду ээлегендиги менен түшүндүрүлөт. Түпкү ата-бабалардын түшүнүгүндө дүйнө беш элементтен түзүлгөн: суу, от, жыгач, металл жана жер. Байыркы адамдардын дүйнөтаанымына ылайык, жерди үч кит көтөрүп турган, бул «бекем жана бузулгус колдоонун» жалпыга таанымал символу болуп калган [2:57].

М. М. Маковский бутпарастардын культтарын изилдеп жатып, мындай жыйынтыкка келет: «Бутпарастын тарыхы – бул ар кандай мааниге ээ болгон культтук иш-аракеттердин тарыхы. Өз кезегинде, культтардын тарыхы – кыймылдар, иш-аракеттер, үндөр жана сезимдердин деңгээлинде дүйнөнү көркөм кабылдоонун тарыхы гана эмес, ошондой эле коомдук аң-сезимдин эң байыркы формасы болгон символикалык фигуралардын жана метафоралык кайра түшүнүүнүн тарыхы [7: 55].

Семиотикадагы негизги түшүнүктөрдүн бири – символ (грекче «бириктирүү», «байланыштыруу»). Н. Н. Рубцовдун пикири боюнча, маданияттын айырмалоочу өзгөчөлүктөрүнүн бири – анын символикалык мүнөзү. Маданияттын ар кандай белгилик-тилдик каражаттарынын ичинен символ өзгөчө орунда турат. Чындыгында, ал бардык маданий кубулуштарды жана элементтерди өз кучагына камтыйт. Маданият системасында символдун борбордук ордун аныктаган фактылардын бири – адамдын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүндөгү символдун өзгөчө абалы. Н. Н. Рубцов изилдөөсүндө: «Ар бир нерсенин өзүнчө символикалык негизи бар, маданияттагы символ – бул ар түрдүү феномендерде көрүнгөн, маданий маанилерди жана баалуулуктарды түзүүнүн жалпы принцибин билдирген жамааттык түшүнүк», - деген жыйынтыкка келет [9: 142]. Тилдин белгилик мүнөзү адамдын бардык символикалык иш-аракеттери менен байланышкан. Ошондуктан тилди изилдөөнүн эң маанилүү аспектилерининин бири символдун табиятын аныктоо жана маданияттын өнүгүүсүндө символдун ролун түшүндүрүп берүү менен байланышат.

Символду изилдөө аракеттери антик доорунан эле башталат. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин “символ” түшүнүгүн аныктоодо эки көз караш калыптанган. Биздин баамыбызда, бул көз караштар улуттук семиотикалык мектептин негиздөөчүсү Ю. М. Лотмандын эмгегинде кеңири берилген. Анын пикиринде, символ белги катары аныкталат, анын негизги функциясы − кандайдыр бир башка белгилерди билдирүү. Бул аныктамага символдорду белгилик эмес маңызды билдирген символикалык көрүнүш катары чечмелөө салтына карама-каршы келет [6: 191].

Семиотиканын негиздөөчүсү Ч. Пирс белгинин үч түрүн аныктаган:

1. Иконалык белгилер (аларга сүрөттөп көрсөтүп жаткан буюм менен белгилүү бир окшоштук мүнөздүү);

2. Белги-индекс (белги менен объектинин чектештигин мүнөздөп, ортосунда себеп-натыйжа байланышы бар символдор, м.: түтүн – бул оттун белгиси ж.б.);

3. Белги-символдор (белги менен объектинин ортосунда байкалбаган байланышы бар шарттуу белгилер).

Дүйнө жөнүндө символикалуу түшүнүктү калыптандырууда маанилүү ролду тил аткарат. Тил, маданият жана символдун өз ара тыгыз байланышын жана бири-бирине көз карандылыгын француз окумуштуусу Э. Бенвенист белгилейт. Э. Бенвенисттин көз карашында, маданият – цивилизациянын деңгээли кандай болбосун, адамзат коомунан ажырагыс бөлүгү. Ал маданиятты мамилелердин жана баалуулуктардын (салт, дин, мыйзамдар, саясат, этика, искусство) жыйындысы катары аныктайт. Изилдөөчү белгилегендей, тил аркылуу адам маданиятты өздөштүрөт, бекемдейт же өзгөртөт, ар

бир тил маданият сыяктуу коом тарбынан таанылган символдордун жыйындысын колдонот. Тилдердин ар түрдүүлүгү, маданий каада-салттардын ар түрдүүлүгү символдун шарттуу мүнөзүнөн кабар берет. Э. Бенвенист мындай ой жүгүртүүсүнүн жыйынтыгында символ тил, адам жана маданияттын ортосунда тыгыз байланышты түзөт деген тыянакка келген [1:31-32].

Белги өтө татаал тарыхый-маданий ассоциациялардын жардамы менен символдук мүнөзгө ээ болот. Бул тил менен маданияттын өзгөчө белгилик системасын түзгөн сандык символикага да мүнөздүү. З. Ж. Кудаева бул тууралуу мынтип жазат: «Адыгей фольклорунда сандык символика – курчап турган чындыкты сүрөттөп турган белги тутумунун элементтеринин бири. Көпчүлүк маданияттардай эле сандар жана санак системасы ааламдын сандык жана сапаттык параметрлерин чагылдырган «космостук» мүнөзгө ээ [5: 98].

Символ – бул адамдын таанып-билүү функциясы. Бул аспектиде символ чындыктагы ачык байланыштарды жана мамилелерди чагылдыруунун таасирдүү формасы катары көрүнөт. Символ ар дайым ачык образ, анын мааниси эч качан конкреттүү бир мааниге байланбайт. М. Элиаденин айтымында, символикалык ой жүгүртүү адамдын табиятынан ажырагыс бөлүгү, ал тил жана ой жүгүртүүдөн мурда турат. Образ, символ жана мифтерди адам психикасынын өзүм билемдик ойлоп табуусу деп эсептөөгө болбойт: алар белгилүү бир муктаждыкты канааттандырат, алардын ролу адамдын жашыруун түшүктөрүн аныктоодо турат [13: 129].

Лингвомаданияттаануу аспектисинен алганда, "символ" түшүнүгү сырдуу, жашыруун, сыйкырдуу жана жашыруун бир нерсени билдирет. Символдор – адамдын дүйнө жана курчап турган чындык жөнүндөгү ой-пикирин билдирген «сырдуу тил». Кайсы гана символду албайлы, анын негизги милдети предмет же түшүнүктүн түздөн-түз маанисинен башка маанилерин көрсөтүү болуп саналат. Ар бир предмет символикалык мааниге ээ болушу мүмкүн. Окумуштуу К. Г. Юнгдун пикирине таянсак, сөз же образ (сүрөт) өзүнүн түздөн-түз маанисинен көбүрөөк нерсени билдирсе, символикалык мааниге ээ болот [Юнг, 1991: 25-26].

Маданияттын негизги атрибуттарына мифологиялык салтта, фольклордо, искусстводо, динде чоң роль ойногон байыркы символдор, биринчи кезекте, дүйнөлүк дарак, дөңгөлөк, ошондой эле сандык символика да кирет. Материалдык жана руханий маданияттын предметтери – турак-жай, кийим-кече, тамак-аш адамдын негизги керектөөлөрүн канааттандыруу менен, кошумча символикалык (белгилик) маанини алып жүрөт. Предмет жана түшүнүктөрдүн сандык топтомдору негизги эсептөө функциясынан тышкары, белгилүү каада-салтты чагылдырган кошумча символикалык, ритуалдык мааниге ээ [3: 131]. Мифологиялык поэтикалык традицияларда жана маданияттарда санга өзгөчө квалификациялык роль мүнөздүү, ал чыныгы жана альтернативдүү дүйнөнүн айрым топторун, убакыттын кечмишин (өткөн чак, азыркы жана келечек) бириктире алган көпүрөнүн кызматын аткарат.

«Сандардын бир нече дүйнөсү» бар деген жыйынтыкка келген О. Шпенглер маданияттагы сандык символиканын маанилүү ордун өз убагында баамдаган. Муну философ төмөнкүчө ырастайт: "Түрдүү маданият болгондуктан, сандардын бир нече дүйнөсү бар. Биз индия, араб, антикалык, батыш европалык сандык типтерди билебиз. Алардын ар бири уникалдуу жана жаралышы боюнча жападан-жалгыз, ар бири өзгөчө дүйнө таанымдын көрүнүшү болуп саналат…" [13: 114].

Ар кайсы маданиятта жана тилдерде сандар өзгөчө символикага жана семантикага

ээ. Сандардын символикасы диний жана мифологиялык түшүнүктөр, ошондой эле дүйнөнүн байыркы модели менен байланыштуу. Сандык символикада элдин маданий салты жөнүндө терең маалыматтар камтылгандыктан, айрыкча, элдик оозеки чыгармачылыкта эң айкын көрүнүп турат.

Тил илиминде сан менен мифологиялык ой жүгүртүүнүн ортосундагы тыгыз байланыш алгачкы жолу Э. Кассирердин эмгегинде изилденген. Анын пикиринде, сандардын символикалык мааниси мейкиндик жана убакыт менен бирге мифологиялык дүйнөнүн түзүлүшүн аныктоочу үчүнчү чоң формалдуу себеп катары пайда болгон. Эгерде биз сандын мифологиялык функциясын түшүнүүгө сүңгүп кирүүгө аракет кылсак, анын символикалык маанисин номинативдик, санак маанисинен ажыратып карашыбыз зарыл.

Биздин пикирибизде, символ – улуттук менталитетти, ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүгүн чагылдырган мифологиялык салттын, фольклордун жана тилдин эң маанилүү бирдиги. Символду адам жашоосунун ар кандай символикалык маңызын билдирүүнүн универсалдуу жолу катары таанууга болот.

Жыйынтыктап айтканда, биринчиден, тил маданияттын ажырагыс элементи жана таанып-билүүнүн негизги каражаты болуп саналат. Тил улуттук менталитеттин спецификалык өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Экинчиден, маданиятты тилдин алкагында карашыбыз зарыл, анткени байыркы маданият жөнүндөгү маалыматтар архаикалык тексттерде, адабий чыгармаларда камтылган. Ал эми тилдеги сандык символика дүйнөнүн тилдик сүрөтүн айкын көрсөтүү менен, тил менен маданияттын өз ара таасирин тастыктоочу кызмат аткарат.

**Адабияттар**:

1. Бенвенист Э. Общая лингвистика. -М.: Прогресс, 1974. - 446 с.

2. Евсюков В. Мифы о Вселенной. -Новосибирск: Наука. Сибирское отделение, 1988. -176 с.

3. Жуковская Н. Категории и символика традиционной культуры монголов. -М.: Наука, 1988. -194 с.

4. Козинцев А. Г. Происхождение языка: новые факты и теории// Теоретические проблемы языкознания. -Санкт-Петербург, 2004. -С. 35–50.

5. Кудаева З. Ж. Мифопоэтическая модель адыгской словесной культуры. -Нальчик: Эльбрус, 2008. -294 с.

6. Лотман Ю. М. Статьи по семиотике и типологии культуры. -Таллин: Александра, 1992. -480 с.

7. Маковский М. Язык, миф, культура: Символы жизни и жизнь символов. -М.: Русские словари, 1996. -330 с.

8. Пауль Г. Принципы истории языка / пер. с нем., под ред. А. А. Холодовича. -М.: Издательство иностранной литературы, 1960. -500 с.

9. Рубцов Н. Символ в искусстве и жизни. -М.: Наука, 1991. -176 с.

10. Сепир Э. Язык. Введение в изучение речи. -М., 1937. -447 с.

11. Тер-Минасова С. Личность и коллектив в языках и культурах // Вестник Московского университета. Сер. 19. -2003. № 2. -С. 7–17.

12. Спиркин А. Г. Философия. -М.: Гардарики, 2006. -736 с.

13. Шпенглер О. Закат Европы / вступ. ст. А.П. Дубнова. -Новосибирск: ВО «Наука», 1993. -592 с.

13. Элиаде М. Избранные сочинения. Миф о вечном возвращении. Образы и символы. -М., 2000. -414 с.